методикалык ресурстарды иштеп чыгуу зарыл.

Келечекте кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда тилдик чөйрөнүн таасирин, кыргыз маданиятын тил үйрөтүү процессине интеграциялоонун мүмкүнчүлүктөрүн, санариптик технологияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жана жогорку окуу жайларындагы чет өлкөлүк студенттердин тил үйрөнүү өзгөчөлүктөрүн эмпирикалык маалыматтардын негизинде терең изилдөө максатка ылайыктуу.

Колдонулган адабияттар

1. Биялиев, К. А. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015. – 360 б.
2. Джусупбекова, Н., Оморова, А. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарт. – Бишкек, 2022. – 49 б.
3. Рысбаев, С. К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун деңгээлдик системасы жана ага коюлуучу дидактикалык талаптар. – Бишкек, 2012. – 96 б.
4. Рысбаев, С. К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. – 2-бас. – Бишкек, 2014. – 312 б.
5. Сарылбекова, З. Коммуникативные основы обучения кыргызскому языку в старших (10–11) классах с русским языком обучения : дис. ... канд. пед. наук : 13.00.02. – Бишкек : КНУ им. Ж. Баласагына, 2007. – 153 с.
6. Сарылбекова, З. Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу. – 2-бас. – Бишкек, 2013. – 15,5 б. т.
7. Сарылбекова, З. Кыргыз тилин мультимедиялык каражаттар аркылуу үйрөтүү : кошумча окуу куралы. – Бишкек, 2019.
8. Эсеналиева, К. Мамлекеттик тилди окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу. – Бишкек, 2002. – 67 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.

УДК:373.5.:821
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-241-247

Саттарова А.Т., Коргонбекова Н.Т.
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Саттарова А.Т., Коргонбекова Н.Т.
Ошский технологический университет имени М.М.Адышева
Sattarova A.T., Korgonbekova N.T.
Osh Technical University named after M. Adishev

ORCID 0009-0007-8426-2540

«МАНАС» ЭПОСУ – УЛУТТУК ТАРБИЯНЫН БУЛАГЫ
ЭПОС «МАНАС» – ИСТОЧНИК НАЦИОНАЛЬНОГО ВОСПИТАНИЯ
THE EPIC OF MANAS – A SOURCE OF NATIONAL EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз элинин руханий мурасынын туу чокусу болгон «Манас» эпосунун этнопедагогикалык мааниси талдоого алынат. Эпосто кыргыз элинин кылымдар бою калыптанган мекенчилдик, эл биримдиги, баатырдык, адептүүлүк, эмгекчилдик, жоомарттык, меймандостук сыяктуу улуттук нарктарынын чагылдырылышы каралат. Бул нарктардын жаштарды тарбиялоодогу ролу, келечек муунду калыптандыруудагы таасири жана этнопедагогикалык мааниси ачып көрсөтүлөт. Эпостун сюжети, каармандары, образдары жана көркөм каражаттары аркылуу

улуттук нарктардын даңазаланышы мисалдардын негизинде талданат. Ошондой эле эпостогу улуттук нарктардын элдин каада-салтында, үрп-адатында жана оозеки чыгармачылыгында чагылдырылышы каралат. «Манас» эпосун окутуунун этнопедагогикалык аспектилерине көңүл бурулуп, анын жаштарды мекенчилдикке, адептүүлүккө, биримдикке жана эмгекчилдикке тарбиялоодогу мааниси белгиленет. Макалада «Манас» эпосунун улуттук педагогикадагы орду илимий көз караштан талданып, практикалык сунуштар берилет. Мындан тышкары, эпосту жаштарга жеткирүүнүн инновациялык ыкмалары, заманбап технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү, интерактивдүү окутуу методдору жана манас таануу сабагынын мааниси каралат.

Аннотация: В статье рассматривается этнопедагогическое значение эпоса «Манас» — вершины духовного наследия кыргызского народа. Анализируется отражение в эпосе таких формировавшихся на протяжении веков национальных ценностей кыргызского народа, как патриотизм, единство народа, героизм, нравственность, трудолюбие, щедрость и гостеприимство. Раскрываются роль этих ценностей в воспитании молодежи, их влияние на формирование подрастающего поколения и этнопедагогическое значение. На основе примеров анализируется прославление национальных ценностей посредством сюжета, персонажей, образов и художественных средств эпоса. Рассматривается также отражение национальных ценностей в обычаях, традициях и устном народном творчестве. Особое внимание уделяется этнопедагогическим аспектам изучения эпоса «Манас», подчеркивается его значение в воспитании у молодежи патриотизма, нравственности, единства и трудолюбия. В статье с научной точки зрения анализируется место эпоса «Манас» в национальной педагогике и предлагаются практические рекомендации. Кроме того, рассматриваются инновационные методы популяризации эпоса среди молодежи, возможности применения современных технологий, интерактивные методы обучения и значение курса манасоведения.

Abstract: The article examines the ethnopedagogical significance of the Epic of Manas, a pinnacle of the spiritual heritage of the Kyrgyz people. It analyzes the representation of national values that have developed over centuries, including patriotism, national unity, heroism, morality, diligence, generosity, and hospitality. The role of these values in educating young people, their influence on the formation of the younger generation, and their ethnopedagogical significance are discussed. Using relevant examples, the article analyzes how national values are celebrated through the plot, characters, imagery, and artistic means of the epic. It also examines the reflection of national values in folk customs, traditions, and oral folklore. Particular attention is paid to the ethnopedagogical aspects of teaching the Epic of Manas and its importance in fostering patriotism, morality, unity, and diligence among young people. The article analyzes the place of the Epic of Manas in national pedagogy from a scholarly perspective and provides practical recommendations. In addition, it considers innovative approaches to introducing the epic to young people, the possibilities of using modern technologies, interactive teaching methods, and the significance of Manas studies.

Негизги сөздөр: «Манас» эпосу; улуттук нарктар; этнопедагогика; тарбия; маданий мурас; баалуулуктар; элдик тарбия.

Ключевые слова: эпос «Манас»; национальные ценности; этнопедагогика; воспитание; культурное наследие; ценности; народное воспитание.

Keywords: Epic of Manas; national values; ethnopedagogy; upbringing; cultural heritage; values; folk education.

Киришүү. Кыргыздын өзүнүн улуттук коломтосунда алтынга алмашкыс ажайып кенч-дөөлөттөр, эмгек, эмгекчилдик, мээнеткечтик жөнүндө «сакадай бою сары алтын» асыл нарктар, эң сонун элдик тажрыйба, тарых-таржымал, сабак-нускалар уюп жатат [1, 77-б.]. Ошол себептен кыргыз үй-бүлөсүндө ата-эне баланы эмгекке эртелеп тарбиялоого ар дайым кам көргөн. Мисалы, «Манас» эпосунда Жакып менен Чыйырды 8 жашар Манасты эмгекке тасыксын деп, Ошпурга койчулукка берет.

Манас Ошпурдун колунда төрт жыл жүрүп, 12 жашка келет. Кыскасы, малчылыктын кыйын-кезең, түмөн түйшүктүү жумушу бала Манастын «балтыр эти толуп», тотугушуна, кагылып-

согулушуна, жаштайынан турмушка күйдүм-быштым болушуна, «кайралып-бүлөнүшүнө» чоң сүрөө болуп, жемиштүү таасирин тийгизген [2, 80-б.].

Кыскасы, кыргыз үй-бүлөсүндө баланы эмгекке тарбиялоо боюнча өзүнчө бир ыкмалар, салт-жөрөлгөлөр иштелип чыккан. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү ошол салт-эрежелерди, калыптанган тажрыйбаларды талдап, изилдеп алып чыгуу бүгүн актуалдуу маселелердин бири. Баланы этноказынадагы тарыхтын чыңоосунан өткөн эмгек салттарынын негизинде тарбиялоо зарыл педагогикалык милдет болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты. «Манас» эпосунун улуттук тарбиянын булагы экендигин жана баланы эмгекке тарбиялоо салтынын мазмунун ачып берүү.

Изилдөөнүн милдеттери. «Манас» эпосунун улуттук тарбиядагы ордун аныктоо, эпостун тарбиялык маанисин ачып берүү, анын улуттук идеологияны калыптандыруудагы ролун көрсөтүү.

Изилдөөнүн методдору. Анализ жана синтез. Азыркы ааламдашуу доорунда балдардын адабий чыгармалар, анын ичинде ырлар менен таанышуусу улам солгун тартып, поэтикалык чыгармаларды түшүнүү деңгээли төмөндөп баратат. Кыргыз балдары бешик ыры менен уктап, бешик ыры менен ойгонгон замандар артта калып, аларды жаш чагынан компьютер, мобилдик байланыш аппараттары, ноутбук, планшет, телевизор, видео сыяктуу замандын улам жаңыланып жаткан технологиялары курчап, адабият дүйнөсүнөн бир топ алыстап кетти. Мунун өзү балдардын көркөм чыгармалардан алуучу руханий, эстетикалык, адептик тарбиясына терс таасирин тийгизип, арасынан «компьютер баштуу» (М. Шаханов) балдардын көбөйүшүн, адамдардын технологиялашуусун шарттап жатат. Натыйжада ата-энесин укпаган, улууну урматтабаган, кыргыздардын менталитетине ылайык келбеген сапаттарды алып жүргөн жаштар улам көбөйүп баратат. [3, 384 -б.].

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өлкөнүн экономикасын көтөрүү коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо менен байланышары, материалдык өсүү, алдыңкы цивилизацияларга теңелүү биринчи кезекте жаштардын адептик сапаттарын тазалоо менен бекемделери айтылган [4]. Мындай милдетти аткарууда балдар бакчаларындагы, мектептердеги адабий билим берүүнүн ролу зор. Балдар «Манас» эпосун окуу менен эмоционалдык сезимдерин өстүрүп, андагы каармандардан өздөрүнө өрнөк алышат, турмушту таанып-билүүгө жана эне тилинин байлыктарын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. «Манас» эпосу – кыргыз элинин улуттук нарктарынын көркөм энциклопедиясы. Эпосто кыргыз элинин улуттук нарктары кеңири чагылдырылган. «Манас» эпосу – бир гана көркөм чыгарма эмес, кыргыз элинин улуттук дүйнө таанымынын, анын баалуулуктарынын, идеалдарынын чагылдырылышы. Эпостун ар бир эпизодунан, ар бир каармандын образынан улуттук асыл нарктарды көрүүгө болот.

«Манас» эпосунун материалдары кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бийик үлгүсү, жаш муунга билим жана тарбия берүүнүн кылымдар бою сыналган натыйжалуу каражаты катары пайдаланылып келатат [5, 93-б.]. Эпосто мекенге болгон сүйүү, аны көздүн карегиндей сактоо, коргоо идеясы башкы орунда турат. Манас баатыр – өз элинин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн жанын аябаган мекенчил баатырдын жаркын образы. Ал өз мекенин душмандардан коргоп, элинин тынчтыгын сактаган. Эпосто мекенчилдик сезими элдик ырлар, кошоктор, арман-муңдар аркылуу да берилет. «Манас эли, журту үчүн жанын аябаган баатыр» [6, 224-б.]. Мисалы, Манастын төрөлүшү, балалык чагы, эр жетүүсү, баатырдык иштери – баары мекенге болгон чексиз сүйүүсүнүн көрүнүшү катары сүрөттөлөт. Манас ар дайым «Кыргыз жерим» деп күйүп-бышып, аны коргоого даяр. Эпостогу ар бир согуш, ар бир салгылашуу – мекен үчүн күрөшүүнүн символу.

Орус чыгыш таануучусу, этнограф, археолог В. В. Радловдун: «“Манас” – реалдуулукка негизделген чыгарма. Анткени кыргыз өз ырларында кандайдыр укмуштуу жана коркунучтуу, жөө жомоктук дүйнөнү баалабайт, тескерисинче, ал өзүнүн турмушун, өзүнүн сезимдери менен умтулууларын, коомдун ар бир жеке мүчөсүнүн өзүндө жашаган идеалдарын даңазалап ырдайт» [7, 5-б.], – деп айтканы да бекеринен эместир.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгында «руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктарды жана технологиялык прогресстин жаңы жетишкендиктерин кылдат жана акылга сыярлык айкалыштыруу мамлекеттүүлүктү да, элдин биримдигин да сактай алат», – деп аныкталган [8]. Мындай милдетти аткарууда «Манас» эпосундагы биримдүүлүк идеяларын манас таануу сабагы аркылуу ЖОЖдордо студенттерге жана жаш муундарга сиңирүү менен адабий билим берүүнүн мааниси зор. Бул кыргыз элинин биримдигинин, ынтымагынын маанилүүлүгүн баса белгилейт. Манас баатырдын тегерегине кырк чорону, ар кайсы уруунун өкүлдөрүн бириктирип, жалпы душманга каршы күрөшүүсү биримдиктин жогорку күчүн көрсөтөт. Эпосто биримдик идеясы элдик макал-лакаптар, накыл кептер аркылуу, акылдуу көз караштар, ойлор аркылуу да берилет. Мисалы, «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет» деген накыл кепти «Манас» эпосунун бардык эпизоддорунан кездештирүүгө болот, анткени бул биримдиктин маанисин баса белгилеген турмуш акыйкаттуулугу. Чоң казатта Манас баатыр кыргыз колун чогултуп, кытайга каршы жортуулга аттанаар алдында элди биримдикке чакырып, ушул сыяктуу насааттарды айтат. Биримдиктин күчү, бөлүнүүнүн зыяны тууралуу эскертүүлөр казатка чейинки даярдыкта, кошуунду уюштурууда жана жолдо кайра-кайра эскертилип айтылып турган. Манас ар дайым «Бир муштум болуп биригели» деп элди ынтымакка чакырып турган. Кырк чоронун ортосундагы бекем достук, бири-бирине болгон ишеним биримдиктин эң сонун үлгүсү. Эпостогу ар бир кеңеш, ар бир жыйын – биргелешип чечим кабыл алуунун, элдик башкаруунун мисалы болуп саналат.

Кыргыз элинин баатырдык эпосу – «Манас». «Баатырдык эпос – элдин өзүнүн жашоосу, көз карандысыздыгы үчүн душман күчтөр жана көбүнесе тарыхый, социалдык-саясий шарттар менен кагылышууларынан келип чыккан күрөшүн чагылдырган чылк ыр же кара сөз аралашкан көркөм баян» [9, 120-б.]. Ошондуктан ар бир эл өзүнүн басып өткөн улуу жолунун эстелиги катары, урпактарды патриоттук духта тарбиялоонун булагы катары карайт. «Манас» эпосунда баатырдык, эрдик, күч-кубаттуулук, акылмандык жогору бааланып келген. Манас баатыр – эрдиктин, күчтүүлүктүн, акылмандыктын, жоомарттыктын, айкөлдүктүн символу. Ал өз элинин намысын коргоп, ар дайым алдыңкы сапта жүрөт. Манастын ар бир кадамы, ар бир салгылашы – баатырдыктын үлгүсү. Баатырдык – бул жөн гана күч эмес, ошону менен бирге адилеттүүлүк, акылмандык жана өз элине болгон сүйүү. Мисалы, Манастын кытайга каршы уюштурган Чоң казаты – баатырдыктын эң жогорку чеги. Бул эпизоддо Манас баатыр өз элинин намысын коргоо үчүн жанын аябайт. Алманбет, Чубак, Сыргак, Бакай сыяктуу Манастын чоролору дагы өз баатырдыгы менен айырмаланат. Алар Манастын ишенимдүү жолдоштору болуп, ар дайым аны колдоп, эл-жерди коргоодо жан аябастан күрөшүшөт. Мисалы, Алманбеттин эрдиги, Чубактын акылмандыгы, Сыргактын күч-кайраты эпосто кеңири сүрөттөлгөн. Демек, «Жоо келсе жанын аябас, эл үчүн курман болууга даяр» болгон баатырдыктын жогорку чеги – Манас.

«Карысы бардын, ырысы бар» деп акылман элибиз айткандай, «Манас» эпосунда карыяларды сыйлоо, адилеттүүлүк, марттык, меймандостук, ак жүрөктүк сыяктуу адеп-ахлактык нормалар даңазаланат. Манас баатыр улуулардын кеңешин угуп, кичүүлөргө камкордук кылат, чындыкты туу тутат. Мисалы, «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» деген эпизоддо Манас төрөлгөндөн баштап эле башка балдардан айырмаланып турат. Ал акылдуу, кайраттуу жана боорукер болуп чоңоёт. Бул анын адептүүлүгүнүн башаты. Адептүүлүк – бул инсандын ички дүйнөсүнүн күзгүсү, анын коомдогу ордун аныктоочу фактор. Ал эми «Чоң казат» окуясында Манас баатыр баштаган кыргыз колу бейкут жаткан элге кол салбайт, адегенде элчилерин жөнөтүп, сүйлөшүүлөр жүргүзөт. Согуштун чыгышына жол бербөөгө аракет кылат. Согуш учурунда да туткундарды азаптабайт.

«Манас» эпосунда эмгекчилдик, аракетчилдик, өжөрлүк жогору бааланат. Эпосто кыргыз элинин дыйканчылык, мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк менен алектенгендиги сүрөттөлөт. Манас ар дайым элин эмгекке чакырат, ал өзү да эмгекчилдиктин үлгүсүн көрсөтөт. Эмгекчилдик – бул жашоонун негизи, ийгиликтин ачкычы. Эпосто эмгекчилдик элдин жашоосунун негизи катары көрсөтүлөт. Мисалы, «Кыргыздардын Ала-Тоого кайтып келиши» деген эпизоддо кыргыздардын өз жеринен

ажырап, бөтөн жерде оор турмуш кечирип, анан кайра Ала-Тоого көчүп келгени кеңири баяндалат. Бул окуяда элдин өз жерине болгон сүйүүсү, эмгекчилдиги, өз жерин кайрадан алууга болгон умтулуусу чагылдырылат. Алар келгенден кийин эгин эгип, жер айдап, мал багып, жаңы жашоо башташат. Эпосто Манас баатыр катары сүрөттөлсө да, элдик турмуштагы эмгекти да баалайт. Ал өзү да мал багуу, эгин айдоо жумуштарына катышат. «Кийинки жылы Манас менен Баба дыйкандын дыйканчылык мээнети үзүрлүү болду. Мол түшүм бир кырманга батпай дагы бир кырман чабышты» [10, 84-б.]. Бул Манас баатырдын элге жакындыгын, эмгекчилдигин далилдейт.

Эпосто баатырлардын согушка даярдыгы сүрөттөлгөндө, алардын ат жабдыктарын, курал-жарактарын жасаганы да айтылат. Бул иштерди аткарууда усталардын, кол өнөрчүлөрдүн эмгеги жогору бааланат. Мындай көрүнүштөр эмгекчилдиктин канчалык маанилүү роль ойногонун айгинелеп турат. Эмгекчилдик элдин жашоосунун, бакубаттуулугунун негизи катары сүрөттөлөт. Каныкей баш болгон аялдар өмүрлүк жолдошторунун жоосун жеңип, аман-эсен жеңиш менен кайтып келүүсүн тилешип: «Керишке кийсе ок өтпөс, найзанын учу тешпеген, нар кескен огу кеспеген» баатырлардын бою-башына, жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап, эл намысы үчүн жоодо кийилүүчү ок өткүс кийим, курал-жарактарды алдын ала даярдайт, жылдар бою ичсе түгөнбөс гүл азыктарды камдашат [11, 269-б.].

Салттар – бул элдин тарыхый эс тутуму. Муундан-муунга өтүп келген баалуулуктар. «Манас» эпосу кыргыз элинин үрп-адаттарын, каада-салттарын, ырым-жырымдарын, майрамдарын кенен чагылдырат. Демек, эпостогу улуттук нарктар кыргыз элинин этнопедагогикасынын өзөгүн түзүп, андагы баатырдык, мекенчилдик, биримдик, адептүүлүк, эмгекчилдик, салттуулук сыяктуу нарктар жаштарды тарбиялоодо, аларга иденттүүлүктү сиңирүүдө өтө маанилүү экендигин көрөбүз.

Этнопедагогика – бир улуттун, уруунун педагогикалык маданиятын изилдеген илим [12, 22-б.]. Ал эми элдик педагогика болсо, окутуунун, тарбиялоонун бири-бири менен шартташкан максатынын, милдетинин, жолунун жана каражаттарынын биримдиги болуп саналат [13, 6-б.]. Жазуу-сызуу өнөрү пайда болгонго чейин эле адамзат өз баласына көркөм-адабий ой жүгүртүүнүн формасында билим жана тарбия берип, анын жакшы үлгүлөрүн дайыма топтоп келген. Кыргыз элинде буга «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармалар толук мисал боло алат. «Манас» эпосу этнопедагогикалык маалыматтарга бай булак болуп саналат. Анда кыргыз элинин бала тарбиялоо ыкмалары, үй-бүлөлүк мамилелери, коомдук жашоосу, билим берүү системасы тууралуу көптөгөн маалыматтар камтылган. Эпосто балдарды жомоктор, ырлар, макал-лакаптар аркылуу тарбиялоо ыкмалары кеңири колдонулгандыгына күбө болобуз. Мисалы, балдарга баатырдык жомокторду айтып, аларды эр жүрөк болууга үндөсө, ал эми ырлар, кошоктор балдардын эстетикалык табитин өстүрүп, сулуулукту баалоого үйрөткөн. Мисалы, Манастын балалык чагы тууралуу ырлар анын акылдуулугун, шамдагайлыгын даңазалайт.

Эпосто ата-эненин балдарга болгон мээрими, камкордугу, балдардын ата-энеге болгон сый-урматы жогору бааланат. Ата-эне балдарга үлгү болуп, аларды жакшы сапатка тарбиялайт. Мисалы, Жакыптын Манаска болгон мамилеси, Чыйырдынын Манасты көздүн карегиндей сактаганы – ата-энелик сүйүүнүн эң сонун үлгүсү. Балдар ата-энесинин эмгегин баалап, аларга жардам берүүгө аракет кылышкан.

«Манас» эпосундагы элдик оюндар, мелдештер, майрамдар жаштарды тарбиялоодо маанилүү роль ойногон. Алар аркылуу жаштар күч-кубаттуулукка, чеберликке, ынтымакка үйрөнүшкөн. Мисалы, Чоң казаттагы ат чабыш, Көкөтөйдүн ашындагы ар кандай мелдештер, Манастын өзүнүн эрдиктери сүрөттөлгөн окуялар буга мисал боло алат.

Кайсы коомдо болбосун, билимдүү адам ар дайым урмат-сыйга ээ болуп, коомдо өз ордун таба алган. Эпосто да балдарды окутуу, жаздыруу, эсеп чыгартуу, аскердик өнөргө үйрөтүү маселелери түздөн-түз сүрөттөлбөсө да, билим берүүгө болгон мамиле кыйыр түрдө чагылдырылган учурлар бар. Мында баатырлардын акылмандыгы, чечендиги, эл башкаруу жөндөмдүүлүгү баса белгиленет. Бул сапаттар билимдин, тажрыйбанын негизинде калыптанган деп божомолдоого болот. Мисал катары Манастын төрөлүшү жана балалык чагы сүрөттөлгөн окуяларды карасак болгудай. Манастын укмуштуудай акылдуулугу, күч-кубаты, баатырдык жөндөмү анын табигый шыгы менен эле

чектелбестен, аны тарбиялаган адамдардын таасиринен да болгон деп айта алабыз. Эпосто Манастын Манас болушунда Бакайдын да орду чоң. Бакай Манаска акыл-насаат айтып, жол көрсөтүп турган.

Эпостогу баатырлардын билимге умтулуусу, акылман кеңешчилерге кайрылуусу билим берүүнүн маанилүүлүгүн кыйыр түрдө көрсөтүп турат.

«Манас» эпосундагы этнопедагогикалык маалыматтарды пайдалануу менен өсүп келе жаткан кыргыздын жаш муундарын улуттук нарктардын негизинде келечекке даярдоого болот.

Эпосту окутууда анын мазмунун улуттук нарктардын (мекенчилдик, баатырдык, адептүүлүк, эмгекчилдик, биримдик) негизинде гана эмес, ошондой эле азыркы коомдун талаптарына ылайык талдоо зарыл. Бул аркылуу жаштар улуттук нарктардын маанисин терең түшүнүп, заманбап жашоодо колдоно алышат. Мисалы, эпостогу каармандардын аракеттерин улуттук нарктардын көз карашынан баалоо, алардын жакшы-жаман жактарын талдоо, азыркы коомдогу актуалдуу маселелер менен байланыштыруу.

«Манас» эпосундагы Манас баатыр, Каныкей, Бакай, Алманбет сыяктуу каармандардын образдарын жаштарды тарбиялоодо үлгү катары колдонуу маанилүү. Бул каармандардын жакшы сапаттарын даңазалап, жаштарды аларга окшоого үндөө керек. Бирок каармандардын кемчиликтерин да көрсөтүп, алардан сабак алууга, жакшы-жаманды ажыратууга үйрөтүү зарыл. Мисалы, Манастын эр жүрөктүүлүгүн, Каныкейдин акылмандыгын, Бакайдын кеңешчилигин, Алманбеттин достукка бекемдигин үлгү катары көрсөтүү менен бирге Манастын кээ бир чечимдериндеги шашмалыкты, Алманбеттин кекчилдигин даана көрсөтүп, талдап берүү жана талкуулоо абзел.

Эпосту окутууда интерактивдүү методдорду колдонуу менен студенттердин кызыгуусун арттырууга, алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга болот. Мисалы, эпостогу окуяларды ролдук оюндар аркылуу көрсөтүү, дискуссияларды уюштуруу, долбоорлорду иштеп чыгуу (эпостогу каармандардын прототиптерин издөө, эпоско иллюстрация тартуу, эпоско музыка жазуу ж.б.), эсселерди жазуу, изилдөө иштерин жүргүзүү.

Манасты окутууну кыргыз элинин тарыхы, маданияты, үрп-адаттары, географиясы, искусствосу менен тыгыз байланышта алып баруу зарыл. Бул аркылуу жаштар эпостун терең маанисин түшүнүп, өз элинин тарыхын, маданиятын сүйүүгө үйрөнүшөт. Мисалы, эпосто сүрөттөлгөн жерлерди картадан көрсөтүү, эпостогу кийим-кечектерди, тамак-аштарды изилдөө. Эпостогу музыкалык аспаптарды угуп көрүү, эпоско арналган сүрөттөрдү, скульптураларды жасоо.

Эпосту окутууда заманбап технологияларды колдонуу менен окутуунун сапатын арттырууга, окуучулардын билимге болгон кызыгуусун күчөтүүгө, алардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө болот.

Мисалы, эпоско арналган веб-сайттарды, мобилдик тиркемелерди колдонуу, эпостон үзүндүлөрдү видео, аудио форматта көрсөтүү, интерактивдүү тесттерди өткөрүү, виртуалдык турлар аркылуу эпосто сүрөттөлгөн жерлерди кыдыртуу, 3D моделдер аркылуу эпостогу каармандардын образдарын жандандыруу.

Манас тааануу сабактарынын мазмунун улуттук нарктарды терең түшүндүрүүгө, жаштардын мекенчилдик сезимин өстүрүүгө, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багыттоо зарыл. Окутуунун интерактивдүү, чыгармачылыкка багытталган методдорун колдонуу, долбоордук ишмердүүлүктү уюштуруу, экскурсияларды өткөрүү, илимий конференцияларга катышуу сыяктуу иш-чараларды уюштуруу керек. «Манас» эпосун окутуунун заманбап этнопедагогикалык стратегияларын эске алуу менен жаштарга улуттук нарктарды сиңирүүгө, аларды ар тараптуу өнүккөн, руханий жактан бай инсан кылып тарбиялоого болот.

Корутунду. «Манас» эпосу – кыргыз элинин улуттук нарктарынын энциклопедиясы гана эмес, этнопедагогикалык маалыматтардын кенчи жана жаштарды тарбиялоонун кубаттуу куралы. Эпостун негизинде жаштарды тарбиялоо – аларды улуттук духта өстүрүүнүн, мекенчилдик сезимин калыптандыруунун, адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүнүн эң маанилүү жолу.

«Манас» эпосундагы мекенчилдик, биримдик, баатырдык, эмгекчилдик сыяктуу нарктар кыргыз элинин этнопедагогикасынын негизин түзөт. Эпосту окутуунун заманбап этнопедагогикалык стратегияларын, заманбап технологияларды пайдалануу менен жаштарга улуттук нарктарды

сиңирүүгө гана эмес, ошондой эле аларды дүйнөлүк маданиятка интеграциялоого, заманбап билим берүү системасынын талаптарына жооп берген инсан кылып тарбиялоого болот. Кыргыз элинин руханий мурасы болгон «Манас» эпосун жаштарды тарбиялоодо кеңири пайдалануу – улуттук идентүүлүктү бекемдөөнүн, улуттук нарктарды жайылтуунун, өлкөнүн жаркын келечегин камсыз кылуунун негизги шарты. «Манас» эпосу – кыргыз элинин түбөлүк мурасы жана жаштарды тарбиялоодо анын орду алмаштырылгыс.

Колдонулган адабияттар

1. Байгазиев С. О. Улуу «Манас» эпосунун уңгулуу баалуулуктары. — Бишкек: Алтын тамга, 2025. — 200 б.
2. Кыргыздар. — 5-т. — Бишкек: Учкун ААК, 2023. — 580 б.
3. Айтматов Ч., Шаханов М. Құз басындағы аңшының зары (Ғасыр айрығындағы сырласу). — Алматы: Рауан, 1997. — 384 б.
4. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы / түз. С. Байгазиев // Кутбилим. — 2010. — 20-авг.
5. «Манас» энциклопедиясы. — 2-т. — Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. — 431 б.
6. Муратов А. Ж., Акматов К. Кыргыз адабияты: 5-класс үчүн окуу китеби. — Бишкек: Билим-компьютер, 2018. — 224 б.
7. Радлов В. В. Манас: Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү / түз. С. Мусаев. — Бишкек: Шам, 1997. — 352 б.
8. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы. — 2021-жылдын 29-январы. — ПЖ № 1.
9. «Манас» энциклопедиясы. — 1-т. — Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.
10. Жакыпбеков А. Теңири Манас. — Бишкек: Кыргызстан, 1995. — 560 б.
11. Волков Г. Н. Этнопедагогика: учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. — М.: Академия, 2000. — 168 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Зулпуев А.З.

УДК 811.51
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-247-251

Суранова Н.Р., Абдувапова А.Т.
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Суранова Н.Р., Абдувапова А.Т.
Ошский технологический университет имени М.М. Адышева
Nazigul S.R., Abduvapova A.T.
M. M. Adyshev Osh Technological University

ORCID 0009-0002-3860-6262